УДК: 851.512.154

Асаналиева К.А.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ЗУУРА СООРОНБАЕВА – КӨРКӨМ СӨЗ ӨНӨРНҮН КАЙТАЛАНГЫС КЕРЕМЕТИ

*Макалада жазуучунун кыргыз адабиятынын көөнө салттарын улантуучулук ширендисинде жаралган, журтубуздун элет адамдарын чагылдырган прозалары, драмалары, бир нече ырлар жыйнактары – Жакшылыктын Жамандыктын үстүнөн болгон салтанатын даңазалаган, адамдарды адеп-ахлакка үндөгөн, бакубаттыкты бөлүшө билүүгө чакырган чыгармалары жөнүндө сөз болмокчу.*

***Негизги сөздөр**: проза, поэтика, поэзия, новелла, фольклор, жаңычылдык, сын пикирлер, жанр, сюжет, композиция, психологизм, чыгармачылык калыптануу, изденүү, көркөм образ, адабий процесс.*

*В статье рассматриваются прозаические произведения, драмы, несколько сборников стихотворений писателя, созданные на стыке духовных традиций народа, отражающие судьбы простых людей. Данные произведения прославляют торжество Добра над Злом, призывают к нравственности, умению делиться счастьем.*

***Ключевые слова**: проза, поэтика, поэзия, новелла, фольклор, новаторство, жанр, сюжет, композиция, психологизм, творческий поиск, художественный образ, литературный процесс.*

*This article deals with the prosaic works, dramas, several collected poems reflected the spiritual traditions of the people, the fates of ordinary people. These works glorify the triumph of Good over Evil, call for morality, the ability to share happiness.*

***Key words**: prose, poetics, poetry, novella, folklore, novelty, criticism, genre, plot, composition, psychologies, creative formation, creative image, literary process.*

Тарых өзүнүн жылнаамалык бүктөмдөрүндө Ата-Журтуна, элине кызмат көрсөтө билүүнүн үлгүсүн далилдөө менен, улутунун улуулугун даңазалоодо айчырай жүздөгү меңдей, таңкы Чолпон жылдыздай таанымал болуп калган инсан аялзаттары аркылуу сыймыктанып келген. Элибиз мына ошондой кыздарыбыздан, инсан аялзаттарынан уучу куру эмес. Ысык-Көлүбүздүн жүрөгүндө кут даарыган илхамы бар, таажы гүлдөй таанымал кызы – Зуура Сооронбаева.

Жазуучу 1924-жылы 15-августта Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунун Жолколот айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Айылдан окуп билим алып, эрезеге жеткенден баштап эмгекке аралашат.

Зуура Сооронбаеванын балалык курагы ата-энесинин жылуу мээриминде, жакшы тарбиясында өттү. Ата-энеси жазуучуну өзгөчө боорукерликке, чынчылдыкка тарбиялашты. Атасы элге алымдуу, сүйлөсө сөзү жагымдуу чечен адам болсо, ал эми энеси эмгекчил, жомокчу, кошокчу, ар бир сөздү жамактап сүйлөгөн сөзмөр киши болуптур.

Зуура Сооронбаеванын чыгармачылыгына, биринчиден, ата-энеси, экинчиден, жакын агасы, Жолголот айылынан чыккан чыгаан инсан Кожокан Шооруковдун таалим-тарбиясы зор таасир тийгизген. Бекеринен «Андрей» аттуу чыгармасын Кожокан Шооруковго арнабаса керек. Жазуучунун өмүр бою унута албай калган арманы да, күйгөнү да агасынын тагдыры эле. «Менин бир арманым - Кожокан абам жөнүндө бир даректүү чыгарма жазганга жетише албай калдым. Ал жөнүндө

көптөгөн материалдарды чогултуп жүрүп, эми жазайын дегенде, мына минтип карылыкка алдырып олтурам. Ошентсе да элимдин уучу куру эмес, бир талант чыгар. Эл үчүн башын сайган, каруусун казык кылган Кожокан Шооруков жөнүндө жазаар. Себеби абам - өзү эле чоң тарых…»

Манасчыларга түшүнөн аян бергендей, жазуучу Зуура Сооронбаеванын түшү да Антуан де Сент Экзюперинин «Кичинекей Ханзаадасын» эске салат. Баса, Антуан де Сент Экзюперинин айтканы бар, аны орусчасынан эле келтирели: «Когда мы осмыслим свою роль на земле, пусть самую скромную и незаметную, тогда лишь мы сможем жить и умирать спокойно, ибо то, что дает смысл жизни, дает смысл и смерти»

«Мындан мурун бир түш көргөм. Түшүмдө өзүмдүн самолетум бар экен. Самолетко түшүп алып Айга учтум. Айга барсам, ал жакта бир да жан жок, жымжырт. Агын суусу гана бар экен, ал да биздегидей эмес, өйдө көздөй агат экен. Аны таңыркап карап турсам, аксакал карыя келип: «Кызым, сен кайдан келдиң?», - деди. Мен тээтиги жерден келдим деп күйүп турган жылдызды көрсөтөм. Карыя эч сөз айтпастан көрүнбөй калат. Бул түштү экинчи жолу да көрдүм. Экинчисинде да баякы самолетко түшүп алып, Айга учуп барыпмын. Айда баягыдай эмес, суу жээктеп түркүн түстөгү, не бир кооз гүлдөр өсүп калыптыр. Конорум менен баягы карыя келди да: - Кызым, дагы келдиңби?-деди. −Ооба, ата, дагы учуп келдим - дейм.

Ал айдагы гүлдөрдөн терип, бир боо чогултуп колума карматат да, алаканын жайып бата берет. Бул түшүмдү таякеме айтсам: «Алла-тааланын берген аяны турбайбы, аракетиң кулга жагып, зоболоң бийиктейт тура» - деп жоруп берип, батасын берген.

Ойлосом, ошол 1965-1991-жылдар менин талантымдын ташкындап, гүлдөп турган бир ажайып учуру болуптур»

Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, жазуучу Аман Саспаев: «Зуура эже жөнүндө айта турган сөз көп. Ал көлдүн адабий алкагындагы Жусуп Турусбеков, Мукай Элебаев, Жоомарт Бөкөнбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков сыяктуу жылдыздардын бири десек, жаңылышпайт элек. Ар бир автор өз чыгармасын канчалык эргүү менен толкунданып жазган болсо, ошол өзү берип жаткан окуя жөнүндө канчалык азап чеккен болсо, окурмандар да ошончолук азап чегүү менен, каармандар менен күлсө кошо күлүп, ыйласа ыйлап окуйт. Муну чыгарманын окурмандын жүрөгүнө толук жетиши деп коет. Зуура эженин чыгармалары дал ушундай, толук эмоция менен жазылган. Аны окурман жазуучу бергендей эмоциялуу окуйт, эженин өзгөчөлүгү мына ушунда. Анын китептерин мен бир кезде бестселлер (англ сөз.best seller- таланып кетчү китептер) дегемин. Бул окурмандардын кызыгуусун туудурган, кайда болсо таланып кеткен китеп деген сөз. Чынында ошондой».

Зуура Сооронбаеваны жаштардын жазуучусу деп айтсак, жаңылышпайт элек. «Чоочун киши» романын ачкандан баш көтөрбөй окудум, «Жетимдерди» ыйлап отуруп окудум» дегендерди көп угабыз. Зуура эженин чыгармалары чыныгы турмуштун өзүнөн алынып, ошол турмуштун күзгү сыяктуу дал өзүндөй чагылдырып тургандыктан, ар бир окурмандын сезимин козгоп турчу.

Биринчи поэтикалык китеби 1960-жылы жарык көрөт, өзгөчө, анын атагын даңазалаган 1971-жылы өзүнчө китеп болуп чыккан «Астра гүлү» повести болду. Бул чыгарма «Күзгү гүл» деген орусча ат менен жарык көрдү. Бул повесть өзүнүн көркөмдүгү, чиеленишкен окуялары, турмуштук кыйла татаал тагдыры, жашоонун кызыктыгын ачып бергендиги менен окурмандарды өзүнө туткундап алат.

Зуура Сооронбаеванын чебер жазуучу экендигин, зоболосун ушул аталган повесть көтөрүп кетти десек, жаңылбайбыз. Андан кийин жарык көргөн «Жапайы розалар», «Жетимдер», «Андрей», «Ленинграддан келген кат», «Ак чач аял», «Тоолор билет» сыяктуу чыгармаларын, ошондой эле «Чоочун киши» романын суктанбай окуй албайсың. Автордун чыгармалары массалык тираж менен басылса да, колдон колго өтүп, жеткенге жетип, жетпегенге жетпей таңсык «бестселлер» чыгармалардын бири -ошол биз жогоруда сөз кылган «Астра гүлү» менен «Чоочун киши» романы. Окурмандардын жандуу кызыгуусун пайда кылган З.Сооронбаеванын чыгармаларынын сыры эмнеде? Биринчиден, автор каармандарынын сезимин, аларды курчаган дүйнөнү өзгөчө сезимталдык менен сүрөттөп, алардын түйшүктөрүн, кайгы-муңун көбүрөөк чагылдырып берүүгө аракеттенет. Экинчиден, жазуучу чыгармаларында, негизинен, үй-бүлө, сүйүү, эл достугу маселесине кенен орун берип, турмуштун тигил же бул жагдайында кандай аракет жасоо керектиги туурулуу сабак тартуулайт. Ошондой эле ал адамдын жүрөгүн жашытып, трагедиялуу сценаларды жазууга чебер.

Ал эми автордун чыгармаларын карап көрсөк, детективдин эпкини тийбеген чыгарма жокко эсе. Окуя көз ачып жумганча өзгөрүлүп, каарман жоголуп, кайра табылып, ажырашуу же күтүлбөгөн жолугушуу, капыстан кол салуу, жарадар болуу сыяктуу мотивдер өтө эле көп. Ушундай «кызыктуу» окуялар, көрсө, окурмандардын кызыгуусун туудурат экен.

Адам баласынын адашуусу, ыпластанып булгануусу, азап тартып, жабыркап-жанчылуусунун соңунан кайрадан адамча арууланууу, тазаруу процесси З.Сооронбаеванын дээрлик бардык чыгармаларынын түпкү чордонун, негизги идеясын түзүп турат. Бул идея реалдуу турмуштагы реалдуулук менен биздин аң-сезимибизге жашаган идеалдуулуктун диалектикалык күрөшүн чебер көрсөтүү аркылуу ишке ашырылат.

З.Сооронбаеванын чыгармаларынан энелик сезимдин, балага болгон чексиз мээримдин, анын тагдырына болгон жоопкерчиликтин, аялдык назиктиктин илеби уруп турат. Жазуучунун чыгармалары жаштарды ата-энени ардактап, алардын эмгегин балоого, ак ниет, чыныгы сүйүү алдында таза болууга үндөп турган бир касиети бар. Ал адам турмушундагы негизги нерсе – эмгек экенин даңазалайт. Кандай кыйынчылыктарга кездешпесин, эмгектенген адам акыры бакытка жетээрин жатык тил менен баяндайт. Башкача айтканда, З.Сооронбаеванын эстетикалык көркөм концепциясы, девизи мына буга келип такалат: саясат да, идеология да, методология менен экономикада да, рухий маданият да, баары ак ниет, мээнеткеч адамдардын маңдай теринен тамыр жайып, агарып-көгөрөт, мөмө-чөмө, жемиш берет, төл берет.

Жалпы окурмандардын сүймөнчүлүгү болгон «Чоочун киши» (-Фрунзе: Адабият, 1988-жыл) романы реалдуу турмуш фактыларынын жеткилең чечмеленип, чыйрак сүрөттөлүшү менен кеңири белгилүү. Окурмандардын

кызыгуусун арттырган нерсе – мезгил талабына ылайык коомчулукту тынчсыздандырган жеке адам менен коом ортосундагы ыймандык адеп-ахлактык, этикалык, социалдык-психологиялык мамилелерди түп-тамырынан жаңыртуу зарылдыгы сыяктуу олуттуу проблемалар. Ошолордун негизинде жеке үй-бүлөнүн бактысы, жубайлардын адеп-ахлактык тазалыгы, ыймандык аруулугу, айкөл мамилелери чагылдырылган. Жазуучу дал ушундай түйүндүү маселелерди роман алкагында көркөм иликтөөгө алып, ал суроого кейипкерлердин дүйнө түшүнүктөрүнөн, тиричилик түйшүктөрүнөн чыгып жаткан суроого жооп издейт.

Жазуучу-драматург Зуура Сооронбаеванын «Баян» аттуу трагедиясын негизги өзөгү да учурдагы көйгөйлүү көрүнүштөр менен үндөш. Жаштарыбыздын мусулманчылыкты жерип, башка динге өтүп жатышы, мунун натыйжасында үй-бүлөдөн ырк кетип, анын бузулушу, уул-келиндерден ынсап кетип, ата-энелеринин карылар үйүнө барып башпаанек издеши учурдун урунттуу маселелеринен. Чыгарамада да бул түйүндүү маселелер алдыңкы планда чыгарылып, аң-сезимдүү, абийирди аздектеген адамдардын олуттуу образдары аркылуу терс көрүнүштөрдүн баары бир тепсендиде калаарын айгинелейт.

Трагедиянын башкы карманы Баян аттуу кемпир динге өтүп кетишкен уул-келини менен  тил табыша албай айласы кетип, карылар үйүнө туш келсе, беш бөлмөлүү зыңгыраган үйү бар уул-келинине батпай Төрөбай чал да ушул карылар үйүндө. Трагедияны көрүп жатканда анын уулу Тилепбергенди айласыздан айтылуу маңкурт менен салыштырууга аргасыз болот экенсиң. Алсыз, өзүнүн ою жок, чечкинсиз Тилепбергенге айыл өкмөтүнүн башчысы Султандын образы карама-каршы. Өктөм өмүрдүн өзөктүү өтөлүнө жетчүлөр дал ушул сыяктуулар. Баян өңдүү турмуштан  каккы жеп, уул-келиндеринен мээримине муктаж болгондор ушул Султан өңдүү ысымы чоң тамга менен башталган инсандардын мээримине бөлөнүп отурбайбы.

Карылар үйүндөгү Ашыр дагы учурдун типтүү каармандарынан. Анын уул-келини капилеттен каза болушуп, жалгыз небереси наркоман. Айласы кеткенде акыркы айласын издеп алдастап карылар үйүнө келип баш калкалайт.

Кара менен актын катарлаш жүргөнү сыяктуу, карылар үйүндө да ый-күлкү аралаш. Ашыр айласыздан небересинин жоруктарын эстеп, улутунуп жашыганда, көрөрмандардын да көздөрүнөн жаш тамчылайт. Чыгарманын чыныгы таасирдүүлүгү да дал мына ушунда.

Башкы каарман акыр түбү таш боордуктун, мерездиктин курманы болду. Бул – кесири тийүүчү кесепттүү «кеселдин» алдын алуу тууралуу драматургдун даанышман кулак кагышы, элге эрезелүү эскертүүсү.

«Мурда үй-бүлө элдин, жаштардын арасында ыйык, аздек эле. Азыр ыйман азайып, же үй-бүлөлүк мамиленин баркы кетип бараткандай. Менин чыгармаларым үй-бүлө, андагы ата-эненин, эр менен аялдын мамилеси, жаштарды ыймандуулук менен адамгерчиликке, кайрымдуулукка, эмгекти барктоого, достукка үндөгөн, сүйүүгө, турмуш курууга, үй-бүлө күтө билүүгө багытталган. Адамдын инсан болуп калыптануусу, жакшы-жаман болуусу түз эле бүлөдөн башталат эмеспи. Ошондуктан биз, улуу муун, жаштарга үлгү болуп, баалуулуктарыбыздын баркын көтөрүшүбүз, нарк-насилибизди, каада-салтыбызды сакташыбыз керек. Ансыз улут

катары кылымдарга калышыбыз да күмөн» - дептир жазуучу акыркы интервьюларында…

Жыйынтыктап айтсак, эң негизгиси, жазуучунун ой жүгүртүүсү роман жанрынын табиятына, жанрдын ички механизимдерин жаңылоого, романга ылайык мүнөздөрдү түзүүгө бап келгендигинде. З.Сооронбаеванын романына лирикалуулук, эргиген поэтикалуулук жана курч драматизм мүнөздүү. Демек, автордун чыгармачылык изденүүлөрүнүн, түйшүктү эмгегинин акыбети кайткан.

**Адабияттар:**

1. Арзыбай кызы Анара. Кыргыз эл жазуучусу Зуура Сооронбаева: Өңгөгө бакыт издеген адам, бакытка өзү жолугат. //Кыргыз Туусу, 2010. -№ 15.

2. Жаналиева Ш. «Менин университетим деп айткандан тажабайм» (З.Сооронбаева) //Ысык-Көл кабарлары, - 2008. -№ 74.

3. Жусупова Т. Көөнөргүс чыгармаларды жаратты //Ысык-Көл кабарлары, 2010. -№ 16.

4. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы: 2 томдук. - Фрунзе: Илим, 1987. - 1-том. - 820 б.

5. Сооронбаева З. Чыгармаларынын жети томдук жыйнагы. −Бишкек: «Улуу тоолор» басмаканасы, 2014.

6. Юсупов Догдурбек. Бактысыз Баян тууралуу баян //Кыргыз Туусу, 2006. -№ 5.